КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ОГУЗ РАЙОНУ

ЖАРГЫЛЧАК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЖАРГЫЛЧАКСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

---

Жаргылчак айыл аймагынын айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз сессиясынын

# ТОКТОМУ

21.09.2022. № 33 Ак-Терек айылы

**Жаргылчак айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" № 284 Жарлыгын жана биринчи Элдик Курултайды уюштуруу боюнча комитетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы чечими менен бекитилген нускаманын жана календардык планын аткаруу максатында Жаргылчак айылдык кенеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын биринчи Элдик Курултайы 2022-жылдын 25-ноябрында Бишкек шаарына чакыртылганы эске алынсын жана биринчи Элдик Курултайга айыл аймагы боюнча эки делегат шайлана тургандыгы белгиленсин.
2. Жаргылчак айыл аймагынын жергиликтүү Курултайы 2022-жылдын 20-октябрына саат 11-00го Ак-Терек айылдык маданият үйүнө чакырылсын.
3. Жаргылчак айыл аймагынын жергиликтүү Курултайына айыл элинин санына жараша 100 делегат анын ичинен Жеңиш айылынан 28 делегат, Ак-Терек айылынан 34 делегат, Кичи-Жаргылчак айылынан 30, Чоң-Жаргылчак айылынан 8 делегат шайланаары белгиленсин.
4. Жергиликтүү Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча чогулуштарды өткөрүү графиги №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Жаргылчак айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу 11 адамдан түзүлсүн жана курамы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Төрага **Т.Д.Кызалаков**